| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОН РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 10-июну №222 — Кара-Коо айылы

**Жер тилкелеринин багытын башка багытка өзгөртүүгө (трансформациялоо) сунуштоо жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын түндүк тарабында жайгашкан №330-контурдун ичинен 0,50 га жер аянтына балык өстүрүүгө "Жайыт жерлер" багытынан, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" багытына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуш берүү жөнүндө сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Коңур-Өлөң айылынын түндүк тарабындагы №330-контурунда жайгашкан жердин ичинен 0,50 га жер аянтына балык өстүрүүгө жер аянтын "Жайыт жерлер" багытынан, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" багытына которуу (трансформациялоо) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунушталсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э. Эмилбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**